| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br><br>**СУЗАК РАЙОНУ**<br>**ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ**<br>**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br><br>**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**<br>**ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК**<br>**ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

*ТОКТОМ* *ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

***«6» февраль 2024-жыл №23/6*** ***Жар-Кыштак айылы***

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН VII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ XXIII СЕССИЯСЫНЫН**
**Т О К Т О М У**

***Жер тилкелерин муниципалдык менчике алуу жөнүндө***

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө», «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамдарын жетекчиликке алып, айыл өкмөтүнүн жерге укукту берүү боюнча комиссиясынын 29.01.2024-жылдагы №2 протоколун негизинде, айыл өкмөтүнүн сунушун депутаттар талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Күмүш-Азиз айылынын РТС көчөсүндөгү 21,6 м$^2$ жер аянты муниципалдык менчикке бекитилсин.
2. Күмүш-Азиз айылынын РТС көчөсүндөгү 53,9 м$^2$ жер аянты муниципалдык менчикке бекитилсин.
3. Ладан-Кара айылынын Т.Шайдуллаев көчөсүндөгү бош жаткан 57 м$^2$ жер аянты муниципалдык менчикке бекитилсин.
4. Күмүш-Азиз айылындагы “Гуламжан Тешебай угли” мечити жайгашкан 0,04 га жер аянты муниципалдык менчикке бекитилсин.
5. Сасык-Булак айылындагы Бишкек-Ош автожолунун түндүк тарабында жайгашкан айыл чарбасында жараксыз 0,10 га жер аянты муниципалдык менчикке бекитилсин.
6. Күмүш-Азиз айылынын 153-контурдагы булак суусу ээлеген 300 м$^2$ жер аянты муниципалдык менчикке бекитилсин.
7. Чымчык-Жар айылынын Т.Сатаров көчөсүнүн күн чыгыш тарабындагы 50 м$^2$ жер аянты муниципалдык менчикке бекитилсин.
8. Чымчык-Жар айылынын А.Абдусатаров көчөсүндөгү айыл чарбасында жараксыз 0,13 га жер аянты муниципалдык менчикке бекитилсин.
9. Чымчык-Жар айылынын А.Абсатаров көчөсүнүн күн батыш тарабындагы 0,13 га жер аянты муниципалдык менчикке бекитилсин.
10. Масадан айылындагы айыл чарбасындагы 0,015 га жер аянты муниципалдык менчикке бекитилсин.
11. Кайнар айылына CASA-1000 долбоору менен курулган суу сактоочу резервуардын жана суу түтүкчөсү кеткен 3650 м$^2$ жер аянты муниципалдык менчикке бекитилсин.

12. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы М.Мирзаевке милдеттендирилсин.

11. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төраганын орун басары** **Н.Аширбаева.**